**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТЫ**

**ДЕПУТАТ ЖОГОРКУ КЕНЕША КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

720053, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Чүй пр. 205
Факс: (0312) 63-90-59, www.kenesh.kg

720053, Кыргызская Республика, г. Бишкек, пр. Чүй 205
Факс: (0312) 63-90-59, www.kenesh.kg

«____» ________________ 202_____ ж.г.

№____________________

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет, экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитети**

*Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Аппаратынын экспертизаларды жүргүзүү бөлүмү*

Жооп кайтарууда биздин чыгыш № тагынуу керек.
При ответе ссылка на наш исх. № обязательна.

Ушуну менен Кыргыз Республикасынын Президент тарабынан демилгеленген "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" мыйзам долбооруна (кир.2024-жылдын 20-июнундагы № 6-6515/24) сунуш киргизем.

1-берененин 3-пунктунун "а" пунктчасындагы "жана башка уюмдардын" деген сөздөр алып салынсын.

Негиздеме:

Мыйзам долбоорунда "башка уюмдар" деген аныктама жок, демек, бул түшүнүк менен каалаган уюмдарды түшүнүүгө болот. Башкача айтканда, Эсептөө палатасы Президенттин тапшырмасы боюнча ар кандай уюмдарга, анын ичинде жеке уюмдарга аудит жүргүзүүгө укуктуу болот. Ошентип, бул жеке уюмдардын ишине ашыкча кийлигишүү болуп саналат.

**Урматтоо менен,** Д. Бекешев **Дастан Бекешев**

001935

Атк: А.А. Маманова, тел.: 0559-205-510

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИ
ЖОГОРКУ КЕНЕШ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
ДОКУМЕНТТИК КАМСЫЗ КЫЛУУ БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ ДОКУМЕНТАЦИОННОГО ОБЕСПЕЧЕНИЯ
№6-7162/24 "27" 06 2024ж

**“Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын долбооруна**

**САЛЫШТЫРМА ТАБЛИЦА**

| Колдонуудагы редакция | Сунушталган редакция | Депутат Д. Д. Бекешев сунуш кылган редакция |
|---|---|---|
| **6-берене. Эсептөө палатасынын функциялары**<br>1. Өз милдеттерин аткаруунун алкагында Эсептөө палатасы төмөнкүдөй функцияларды жүзөгө ашырат:<br>.....<br>**9) Президенттин тапшырмасы боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын финансы-чарбалык ишинин аудити;**<br>.....<br>13) башка мамлекеттердин мамлекеттик аудитинин жогорку органдары жана **алардын эл аралык бирикмелери** менен эки тараптуу жана көп тараптуу негизде өз ара аракеттенүү;<br>14) эл аралык уюмдар Кыргыз Республикасына бөлгөн финансылык каражаттарды өздөштүрүү боюнча аудитордук жана эксперттик-аналитикалык иш-чаралар;<br>15) мамлекеттик, укук коргоочу жана башка органдар менен өз ара аракеттенүү, алар менен кызматташтык жөнүндө макулдашууларды түзүү; | **6-берене. Эсептөө палатасынын функциялары**<br>1. Өз милдеттерин аткаруунун алкагында Эсептөө палатасы төмөнкүдөй функцияларды жүзөгө ашырат:<br>.....<br>**9) Президенттин тапшырмасы боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жана башка уюмдардын финансы-чарбалык ишине аудит;**<br>.....<br>13) башка мамлекеттердин мамлекеттик аудитинин жогорку органдары жана **эл аралык уюмдар** менен эки тараптуу жана көп тараптуу негизде өз ара аракеттенүү;<br>14) эл аралык уюмдар Кыргыз Республикасына бөлгөн финансылык каражаттарды өздөштүрүү боюнча аудитордук жана эксперттик-аналитикалык иш-чаралар;<br>15) мамлекеттик, укук коргоочу жана башка органдар менен өз ара аракеттенүү, алар менен кызматташтык жөнүндө макулдашууларды түзүү; | **6-берене. Эсептөө палатасынын функциялары**<br>1. Өз милдеттерин аткаруунун алкагында Эсептөө палатасы төмөнкүдөй функцияларды жүзөгө ашырат:<br>.....<br>9) Президенттин тапшырмасы боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ~~**жана башка уюмдардын**~~ финансы-чарбалык ишине аудит;<br>..... |

| | | |
|---|---|---|
| 16) Эсептөө палатасынын компетенциясына кирген маселелер боюнча мыйзамдарды өркүндөтүү жөнүндө сунуштарды Жогорку Кеңешке жана Министрлер Кабинетине киргизүү;<br>17) бюджеттен тышкаркы каражаттарды пайдалануунун аудити. | 16) Эсептөө палатасынын компетенциясына кирген маселелер боюнча мыйзамдарды өркүндөтүү жөнүндө сунуштарды Жогорку Кеңешке жана Министрлер Кабинетине киргизүү;<br>17) бюджеттен тышкаркы каражаттарды пайдалануунун аудити;<br>**18) Кыргыз Республикасы мүчө болуп эсептелген, бюджетине мүчөлүк төгүмдөр төлөнгөн эл аралык уюмдардын бюджетинин каражаттарынын пайдаланылышына аудитти жүзөгө ашыруу процессине катышат.** | |